**Мирбек Иманбеков — Айылым**

*Сөзү : гр. Максат-Баткен*
*Обону : гр. Максат-Баткен*

Жаш кезимде жан эргиткен айылыма,
Суктанамын ушунчалык мен дайыма.
Тунук суусун, булактарын ойлогондо,
Тургум келет түбөлүккө мен жанында.

Кайырма:

Айылым, айылым,
Айылыма баргым келди.
Атыр жыттуу гүлдөрүнөн,
Таткым келди.
Айылым, айылым,
Айылыма баргым келди,
Балдай таттуу балалыгым,
Эске келди.

Жаз мезгили жаштар чыгат ошол тоого,
Жылына бир жаз айланып күн болгондо.
Эми ойлосом чыдай албайм ушул күндү,
Айылды эстеп мен да жөнөйм жаз болгондо.

Кайырма: